КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

_____№ _____

Бишкек ш.
г. Бишкек

Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун түзүмүн бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 391 «Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомунун негизинде, **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун түзүмү 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун штаттык саны 2-тиркемеге ылайык;

2. Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2025-жылдын 4-июнундагы №638/1 “Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун штаттык санын бекитүү жөнүндө” буйругунун 1-пунктунун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

3. Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин Адам ресурстарын башкаруу бөлүмү (Г.Т. Чотбаева) Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун директору А.Д. Токтомаметовду бул буйрук менен тааныштырсын;

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Агартуу министринин биринчи орун басарына (М.А.Баймурзаев) жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2026-жылдын 6-октябрындагы № 1339/1 буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 1353/1, 08.10.2026

Кол койгон: Кендирбаева Д.Ш.

Негизи: Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине каштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун 2026-жылдын 30-сентябрындагы № 01-11/440 каты.

Министр **Д.Ш. Кендирбаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Кендирбаева Д.Ш.